КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛУСУ
ДЕПУТАТТАРДЫН СҮЛҮКТҮ ШААРДЫК
КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЛЮКТИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

**Сүлүктү шаардык кеңешинин (жетинчи чакырылышы) XXVI сессиясы**
**Токтом №118**

Сүлүктү шаары 16.06. 2023ж

**Шаардык жалпы дарыгерлер практикалык борборунун Кош Булак аймагындагы С.Султанов көчөсүндөгү оорукананын айланасына асфальт төшөө үчүн жергиликтүү бюджеттен 700 000 сом акча каражатын бөлүп берүү жөнүндө**

Сүлүктү шаардык мэриясынын 12.06.2023ж. №01-12/1436 чыгыш сандуу шаардык жалпы дарыгерлер практикалык борборунун Кош-Булак аймагындагы С. Султанов көчөсүндөгү оорукананын айланасына асфальт төшөө үчүн жергиликтүү бюджеттен 700 000 (жети жүз миң) сом акча каражатын бөлүп берүү жөнүндө каты боюнча шаардык кеңештин "Бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү" боюнча туруктуу комиссиясынын сунуштарын угуп жана талкуулап Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 51-беренесинин 1-пунктуна жана "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 27, 34-беренелерине ылайык 2023-жылдын жарым жылдык жыйынтыгы менен Сүлүктү шаардык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Шаардык жалпы дарыгерлер практикалык борборунун Кош Булак аймагындагы С.Султанов көчөсүндөгү оорукананын айланасына асфальт төшөө үчүн шаардык мэриянын 3111 беренесинен шаардык мэриянын алдындагы муниципалдык менчик мекемесинин 3111 беренесине 700 000 (жети жүз миң) сом акча каражаты жылдырылсын;
2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин "Бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү" боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага Р.М. Жайнаков